Кабыл алынды:

№2 пед. кеңешме

"2" 10 20 10 -жыл

"Бекитилди"

Мектеп жетекчиси __________ Исаева А. Б.

"2" "10" 20 10 - жыл

**Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин жалпы жүрүм-турум эрежелери жөнүндөгү жобо**

1.1 Окуучулар мектепке сабак башталганга чейин 10 мүнөт мурун келишет: эркек балдар жана кыздар - бирдиктүү жалпы мектеп формасын кийишет,ал эми дене тарбия сабагына атайын спорттук кийимдерди кийишет;

1.2 Окуучулар мектептин мүлкүнө жана жеке окуу куралдарына этияттык мамиле кылышат.

1.3 мектепке жана мектептин территориясына окуучулардын спирт ичимдиктерди,наркотикалык заттарды,курал жарактарды,жарылуучу нерселерди ж.б уулуу заттарды алып келүүгө тыйуу салынат.

1.4 окуучуларга педагогдордун уруксатысыз мектептен жана анын аймагынан сабак учурунда кетүүгө болбойт. Сабакты откоруп жиберген учурда окуучу класс жетекчиден маалым кат же сабактарда жок болгондугунун себеби жөнүндө ата-энесинен маалым кат алып келиши керек.Жүйөлүү себептерсиз сабактарды өткөрүүгө уоуксат берилбейт.

1.5 Мектеп окуучулары улууларды сыйлашат кенже балдарды сыйлашат.

1.6 Мектептен тышкары окуучулар баардык жерде мектептин аброюун түшүрбөсү зарыл.

**2 Сабактағы жүрүм-турум**

2.1 Мугалим класска киргенде окуучулар учурашат жана педагог учурашууга жооп берип,отурганга уруксат бергенден отурушат.

2.2 Сабак учурунда башкаларды алаксытып,сабактан тышкары сүйлөгөнгө ,кыйкырганга,мугалимдин уруксатысыз чыгып кетүүгө тыйуу салынат.

2.3 Эгерде сабактарда окуучу класстан сыртка чыгуусу зарыл болсо анда ал мугалимдин уруксатын алууга тийиш.

2.4 Эгерде окуучу мугалимдин суроосуна жооп бергиси келсе колун көтөрөт.

2.5 Конгуроо берилип,танапис болгон учурда гана окуучу сыртка чыгуусу мүмкүн.

**3 Окуучулардын сабакка чейин,тыныгууларда жана окууну аяктаганда кийинки жүрүм турумдары.**

3.1 Танапис учурунда окуучу төмөнкүлөргө милдеттүү.

-өз ордунда тазалыкты жана тартипти сактоого;

-класстан чыгып эс алууга;

-мектеп боюнча нөөмөтчүлөрдүн,мектеп кызматкерлеринин талаптарына баш ийүүгө;

Окуучуларга тыйуу салынат:

-оюндар үчүн ылайыкталган эмес жерлерде ойноого ;

-бири-бирин түртүп,буюмдарды ыргытуу жана күч колдонуу;

3.2 Класс боюнча дежур окуучу;

-танапис учурунда класста болот;

-класста тартипти камсыз кылат;

-кийинки сабакка классты даярдоого мугалимге жардам берет;

3.3 Ашканадагы окуучулардын жүрүм-турум эрежелери;

-Мугалимдин жана ашкананын кызматкерлеринин талаптарына баш ийишет;

-Тмак учурунда тийиштүү тартипти сактайт ;

-Ысык жана суюк тамак алууда жана пайдаланууда көңүл жана этият болууга жардам берет.

**4 Корутунду**

4.1 Окуучулар мектептин аймағында болгон учурда жана мектептин иш чараларын өткөрүүдө өзүнө жана айланасындагыларга өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирген иш-аракеттерди жасоого укугу жок;

4.2 Бул эрежелер мектептин территориясына жана мектеп тарабынан өткөрүлгөн бардык иш-чараларга жайылтылат.

4.3 Ушул эрежелерди жана мектеп уставын бузгандыгы үчүн окуучулар жоопкерчиликке тартылат.